2022-2023 - окуу жылына балдарды биринчи класска электрондук каттоо **mektep.edu.gov.kg** сайтында томонкv графикке ылайык жvргvзvлот:

1. **11-апрелден саат 09:00 27-июнга чейин саат 08:59га чейин -**юридикалык жашаган жери боюнча.

2. **27-июндан саат 09:00дөн баштап 10-августка саат 10:00гө чейин**- чыныгы жашаган жери боюнча.

Арыз берген ата-эненин/мыйзамдуу окvлдvн инсандыгын ырастоочу документтери (паспорт, баланын туулгандыгы тууралуу кvболvк), ата-эненин/мыйзамдуу окvлдvн жана баланын жеке идентификациялык номери болбосо, баланы мектепке каттоого **мvмкvн эмес** !

**2022-жылдын 11-апрелине чейин** ата-энелер/мыйзамдуу окvлдор томонкvлордv даярдашы керек:

- паспорт;

- баланын туулгандыгы тууралуу кvболvк;

- жеке идентификациялык номер (ЖИН - ата-эненин/мыйзамдуу окvлvнvн жана баланын паспортунда корсотvлгон 14 сандан турган идентификациялык номер. Ал жок болгон учурда жашаган жери боюнча калкты тейлоо борборуна (КТБ) кайрылуу керек.

- Мамлекеттик каттоо кызматынын электрондук порталында каттоо дарегинин болушун текшерvv.

Программалык денгээлдеги система жарандардын томонкv женилдетилген категорияларына артыкчылык берет:

- vй-бvлолорvнvн жашаган жери боюнча аскер кызматчыларынын балдары;

- тиешелvv кvболvк корсоткондо Кыргыз Республикасына кочvп келген жана кайрылман статусуна ээ болгон этникалык кыргыздардын балдары;

- vстvбvздогv жылдын **15-сентябрына** карата ушул жалпы билим берvv уюмунда бир жылдан кем эмес иштеген мектептердин мугалимдеринин жана кызматчыларынын балдары.

**2022-жылдын 11-апрелине чейин** аскер кызматкерлери, кайрылман статусуна ээ болгон этникалык кыргыздар, мугалимдер жана мектеп кызматкерлери баланы мектепке каттоо учурга карата жогоруда аталган документтерге кошумча иштеген жеринен маалымкат (справка) даярдашы керек.

Ата - эне/ мыйзамдуу окvл баланы биринчи класска кабыл алуу жонvндо билдирме алгангандан кийин, учурдагы жылдын **1 - августунан баштап**
**10-сентябрынан кечиктирбестен** мектепке томонкv тастыктоочу документтерди берvvго милдеттvv:

- мектепке кабыл алуу жонvндо ата-энелеринин/ мыйзамдуу окvлдорvнvн биринин арызы;

- баланын жана ата-энелеринин/ мыйзамдуу окvлдорvнvн биринин инсандыгын ырастоочу документтери - нотариалдык жактан кvболондvрvлгон баланын туулгандыгы тууралуу кvболvгv жана ата-энелеринин/ мыйзамдуу окvлдорvнvн биринин паспорту;

- ден соолугунун абалы жонvндо медициналык маалымкаттын тvп нускасы (белгиленген формалар);

- алынган эмдоолор жонvндо медициналык маалымкаттын тvп нускасы  (белгиленген формалар);

- баланын 3x4 см. олчомvндогv сvротv.

**1 - августан баштап 10-сентябрга чейин** мектепке тастыктоочу документтерди алып барбаган учурда бала 1-класска **кабыл алынбайт.**